КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
ШУМКАР-УЯ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ШУМКАР-УЯ

Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин II чакырылышындагы депутаттардын IV сессиясынын

ТОКТОМУ

2026-жылдын 10-апрели № 37 **Сасык-Булак айылы**

Сасык-Булак айылынын тургуну Абдрахманов Берикбайдын жер тилкесинин бир бөлүгүн коомдук муктаждык үчүн өткөрүп берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдарына ылайык, Сасык-Булак айылынын тургуну Абдрахманов Берикбайдын арызын карап чыгып, **токтом кылат:**

1. Сасык-Булак айылынын тургуну Абдрахманов Берикбайга тиешелүү, Чоң-Токой айылынын №269 контурунда жайгашкан жалпы аянты 0,62 га жер тилкесинин ичинен 0,105 га жер тилкесин муниципалдык менчикке өз ара келишим шарттары менен өткөрүп алууга макулдук берилсин.
2. Тиешелүү жер тилкесин белгиленген максатта пайдалануу үчүн жер кадастрдык жана укуктук тартипте каттоо иштери жүргүзүлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Кыдыралиевге жүктөлсүн.
4. Бул токтом кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Төрага **А.Борукеев**